**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары**
**жана медициналык буюмдар**
**департаментинин**
**директорунун орун басары**
**Бекбоев К.Т.**________________
«17» август 2023-ж.

**ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА**
**НУСКАМА**

**ПРОСПАН®**
**PROSPAN®**

**Соодадагы аталышы:** Проспан®

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**: нет

**Дарынын түрү**: ичип кабыл алуу үчүн эритме.

**Курамы**
5 мл эритме (1 баштыкча) төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Таасир берүүчү зат:* чырмоок жалбырактарынын кургак экстракты
35 мг чырмоок кургак экстракты [(5-7,5): 1], экстрагент: этанол 30 көлөмү. %.
*Көмөкчү заттар:* калий сорбат, суусуз лимон кислотасы, сорбит эритмеси 70 % (кристаллизирленүүчү), ксантан чайыры, Frescofort Permaseal жыпар жыт бергичи, табигый апельсин жыпар жыт бергичи, ментол, тазартылган суу.

**Сүрөттөмөсү**
Жемиштин жыты жана ментол даамы менен ачык-күрөң түстөгү тунук эмес эритме.

**Фармадарылык тобу**
Суук тийүү жана жөтөл симптомдорун четтетүү үчүн препараттар. Какырыкты чыгаруучу препараттар.
Өсүмдүктөн алынган какырыкты чыгаруучу каражаттар.
**АТХ коду**: R05CA

**Фармакологиялык таасири**
Жөтөлгө каршы өсүмдүктөн жасалган препарат. Какырыкты чыгаруучу, муколитикалык жана спазмолитик таасир көрсөтөт.

Какырыктын илешкектүүлүгүн азайтып, анын агып бошонуп чыгышына көмөктөшөт.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Какырыктын бошонуп чыгуусу кыйындаган жөтөл менен коштолгон, жогорку дем алуу жолдорунун жана өпкөнүн сезгенүү ооруларын дарылоодо какырык чыгаруучу каражат катары.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Препараттын курамдык бөлүктөрүнө жогорку сезгичтик.

**Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу**

Кош бойлуу жана эмчек эмизүү учурунда препаратты колдонуунун коопсуздугу боюнча маалыматтар жок болгондуктан, бул учурда препаратты колдонууга болбойт.

**Колдонуу жолу жана дозасы**

Чоңдор жана 12 жаштан улуу балдар 1 баштыкчадан (5 мл) күнүнө 3 жолу кабыл алуу керек, чырмооктун жалбырагынын 105 мг кургак экстрактына туура келет, 6-11 жаштагы балдар - 1 баштыкчадан (5 мл) 2 жолу, бул суткасына 70 мг чырмооктун жалбырагы кургак экстракты туура келет.

Колдонуунун алдында баштык бир аз майдалап алуу керек. Эритмени аралаштырбай эртең менен (түштөн кийин) жана кечинде кабыл алыңыз.

Дарылоонун созулуу узактыгы оорунун белгилеринин мүнөзүнө жана оордугуна жараша болот жана адатта бир жуманы түзөт.

Эгерде 1 жумадан ашык убакыттын ичинде абалы жакшырбаса, анда дарыгерге кайрылуу керек.

**Кыйыр таасири**

Аллергиялык реакциялар болушу мүмкүн.

Ашыкча сезгичтик менен бейтаптар жүрөк айлануу, кусуу жана ич өтүү сыяктуу ашказан-ичеги ооруларына дуушар болушу мүмкүн.

**Ашыкча доза**

Белгиленген суткалык дозадан бир кыйла жогору дозаны кабыл алуу (3 эседен ашык) жүрөк айланууга, кусууга жана ич өтүүгө алып келиши мүмкүн.

Ашыкча дозаны дарылоо симптомдоруна жараша жүргүзүү болуп саналат.

**Башка дары каражаттар менен өз ара таасири**

Өз ара таасирденүү боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Эч кандай өз ара таасирденүү ушул күнгө чейин белгилүү болгон эмес.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**

Препаратты 6 жашка чейинки балдарга колдонууга болбойт. Бул препарат сорбитол камтыйт. Эгерде нускамага ылайык колдонулса, бейтап ар бир дозада 1,9 г сорбитол ала алат.

Тубаса фруктозаны көтөрө албастык менен бейтаптар жөтөлгө каршы Проспан эритмесин колдонбошу керек.

**Чыгаруу формасы**
Кан тамыр ичине куюу үчүн 5 мл эритме баштыкчада; 21 баштыкча колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картондон жасалган кутучада.

**Сактоо шарты**
25° С дан жогору эмес аба табында балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**
3 жыл.
Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Дарыканалардан берүү шарты**
Рецептиси жок.

**Өндүрүүчү**
Энгельгард Арцнаймиттель ГмбХ & Ко КГ.,
Херцбергштрассе, 3, Д-61138 Нидердорфельден, Германия

**Расмий өкүлү**
Альпен Фарма АГ, Берн, Швейцария